# “Кызыл-Тоо” №9 орто мектебинин китепканачысы Асилбекова Жумагуль Асилбековнанын айлык иш планы

Б Е К И Т Е М И Н
мектеп директору
________________
«___» __________
2022-2023-жыл

# Август

| № | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | «Жаны китеп» боюнча «Ачык сынак»га катышуу. | китепканачы | 5.08.-30.09 |
| 2 | Окуу китептерди класс жетекчилерге өткөрүп берүү | китепканачы | 15.08 |
| 3 | Жетишпеген окуу китептерине заявка берүү | Китепканачы | 10.08 |
| 4 | Китепкана иш кагаздарын тактоо | Китепканачы | 13.08 |
| 5 | Август айындагы секциялык ишке катышуу | Китепканачы | 27.08 |

# Сентябрь

| № | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Билим күнүнө карата өткөрүлгөн линейкага катышуу. | Китепканачы | 1.09 |
| 2 | Билим күнү «Сүйүктүү Кыргызстаным» Тарбиялык саат. | Китепканачы Кл. жет. | 2.09 |
| 3 | Окуу китептерди класс жетекчилерге толугу менен өткөрүү. | Китепканачы | 9.09 |
| 4 | Мугалимдерди методикалык окуу китептери менен камсыз кылуу | Китепканачы | 16.09 |
| 5 | Райондон газеталардын жаңы санын алып келүү | Китепканачы | 21.09 |
| 6 | Билим күнүнө карата дубал газета, буклет чыгаруу | окуучулар | 23.09 |
| 7 | Мамлекеттик тил майрамы «Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан.»( видеоролик) | Китепканачы, | 23.09 |
| 8 | Китептин абалын кароо | Китепканачы окуучулар | Ар айдын аягын да |

# Мамлекеттик тил – ынтымактын тиреги



## 23-сентябрь – Мамлекеттик тил майрамын өткөрүү үчүн колдонмо

«Улут болсом-тилим менен улутмун» (Эсенгул Ибраев), «Мамлекеттин келечеги анын тилинде», «Эне тил болбой, эл болбойт», «Эне тил тагдыры — эл тагдыры» дегендей, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили-кыргыз улутунун улуттук тил экендигин тастыктаган «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзам 1989-жылдын 23-сентябрында мындан туура 26 жыл мурда кабыл алынган. Ал эми 1998-жылдын 20-январында Мамлекеттик тилди андан ары өнүктүрүү жөнүндө Президенттин буйругунун негизинде Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө карата атайын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссия түзүлүп, 2000-2010-жылдар аралыгында улуттук тилди өнүктүрүүнүн концепциясы жана программасы иштелип чыккан.

«Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзам 2004-жылдын 12-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан айрым өзгөртүүлөрү менен кайрадан кабыл алынган. Андан соң 2006-жылы Улуттук комиссиянын чечими менен «Кыргыз тили» төш белгиси белгиленип, конкурстук негизинде Мамлекеттик тилдин гимни кабыл алынган. Улуттук комиссиянын өзүнүн интернет сайты ачылып, 2008-жылдан баштап «Кыргыз тили» газетасы басылып чыга баштады. Демек, эне тилибиздин өнүгүп-өсүүсүнө өкмөт тарабынан ар тараптуу камкордуктар көрүлүп келди деп айтууга толук негиз бар.

***Мамлекеттик тил – ынтымактын тиреги.***

1. Сабактын максаты: Окуучулар кыргыз тилинин улуулугун, байыртадан бери келе жаткан уюткулуу тил экендигин билишет.
2. Сабактын тиби: Адабий кече.
3. Сабактын методу: Интерактивдүү метод.
4. Сабактын жабдылышы: дубал газеталар, буклет, доклад.

Мугалимдин сөзү: Урматтуу меймандар жана окуучулар, **«Тил майрамына карата мамлекеттик тил – ынтымактын тиреги»** деген темадагы кечени ачык деп жарыялаймын. Кезек -класстын окуучуларында.

1. **Кыргыз Республикасынын Тил гимнин ырдоо.**

Тил жаралып көкө теңир таңынан,
Адамзаттын дөөлөтүнө буйруган.
Адам деген түп сөзүнөн элимдин,
Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган.

*Кайырма:*

Кыргыз тили жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили мекеним,
Менин өлкөм Кыргызстан.

2. **Саламдашуу:**

б) Мынакей шаттык кубаныч,
Ар күнү бизде уланып.
Тил майрамы кечесине,
Баарыбыз көнүл буралык.

**а) А** - акылдуу
Д – ден соолукта

**Е** – эмгекчил
**М** – мээримдүү
**И** – илим, билимдүү

**Хор:** балдардын атынан жалындуу ысык салам.

в) Кыргызым тоолорго бай, сууларга бай,
Кыргызым акынга бай, сулууга бай.
Кыргызымдын салтын бузбай биз дагы,
Кыргызча салам берип өтсөк кандай.

Балдар: Ассалому алейкум.
Кыздар: Арбаныздар!

Салам, салам жана салам,
Биз үчүн өмүр кечирген,
Билим берип үйрөткөн,
Эже-агайларга салам.

Саламдашуу кыргызымдын салты экен,
Саламдашуу кыргызымдын парзы экен.

Салам айтам бизге келген мейманга,
Салам ушул турган кыргызга.

**Хор:** Баарыбыз каалайбыз бакты-таалай,
Эч качан бүркөлбөсүн ачык мандай,
Узун өмүр, чексиз бакыт бекем-бекем,
Карыбаныз узак жашап, жаш арчадай.

**Хор ыр. Кыргызстаным.**

Гүлдөй бер, күндө зор Мекен,
Агарып аткан тан менен.
Кыргыздын туусун көтөрүп,
Баратат элим шан менен.
К: Кыргызстан, Кыргызстан,
Алма-бак шагында.
Жүрөгүбүз, жүрөгүбүз
Алга карай жалындай.

Эгемендүү мамлекет болгондон кийин анын өзүнүн мамлекеттик тили болуш керек. Кыргыз тили 1989-жылы 23-сентябрда мамлекеттик статуска ээ болгон. Кыргыз тили түрк тилдеринин тобуна кирет. Ата-бабаларыбыз бул тилде «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторун жаратышкан.
Кыргыз тилибиз мамлекеттик тил болуп жарыяланганына 20 жылдын жүзү болсо да, жаны там-тум баскан баладай болуп тыный албай турат. Мындай опурталдуу учурда баарыбыз ынтымакта, биримдиктеболуп, ата-бабабыздын бизге калтырган баа жеткис мурасы эне тилибизди, салт-санаабызды сактап калышыбыз керек. Антпесек бүгүн тилибиз, эртеге өзүбүз жок болорубуз шексиз. Манас атабыздын айткан сөзү ураан болууга тийиш.

Кымбатым кыргыз эли үчүн,
Башка салса көрөйүн.
Душманга кор кылгыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.

**Манас эпосунан үзүндү.**
**Кыргыз тилин данктаган ырлар.**

Бул тил менен дүйнөгө,
Манас кылды саякат.
Бул тил менен дүйнөгө,
Чынгыз тарап баратат.

Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.
Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.

Бирге жүрсөм кыргыз тилин кадырлайм,
Бул тил менен иштейм сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,
Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаныл байм.

Эне тилим-эне сүтүм таалайым,
Агып турган ак калпагым маанайым.

Кылымдардан кылымдарга кыярбай,
Сен өркүндөп өсүшүндү каалаймын.

Кымбаттан кыналышып бүткөн тилим,
Кылымдан азиз энем күткөн тилим.
Төрөлүп бул дүйнөгө көз ачканда,
Жаралып жаным менен бүткөн тилим

Кыргыз тилим сүттөй ыйык да,
Эне тилим аккан суудай тунук да.
Сүйлөсөн да мин түркүндүү тилдерде,
Кыргыз тилин, эне тилин унутпа.

Эне тил – аба, эн керек,
Баарынан кымбат ал демек.
Эне деп чыккан бул жаным,
Чыгат го акыр эне-деп.

**Мугалим:** «Эне тилим нечен кылым карыткан,
Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан», туура кыргыз эли байыркы экендиги эч бир талашсыз. Тарыхы болбой эл болбойт. Кыргыз тилибиздин басып өткөн тарыхынан маалымат алсак.

1. 1929-жылга чейин кыргыз тили араб алфавитинде болгон.
2. 1929-жылдан тартып кыргыз тили латын алфавитинде көчүрүлгөн.
3. 1941-жылдан тартып кыргыз тили орус алфавитинде которулган.
4. 1989-жылы кыргыз тили мамлекеттик статуска ээ болгон.
5. Кыргыз элинин алгачкы **«Алиппесин»** Ишеналы Арабаев түзгөн.

Кыргыз эмес кыргызды жараткандар,
Кылым кошкон тарыхын унуткандар.
Кыргыз эмес кыйшайып калпак кийип,
Каада-салтын калкынын унуткандар.

Тил жоголбойт, жоголсо жоголот эл,
Уулун дагы, кызын да жоголот бил.
Тил жоголбойт, жоголсо айланабыз,
Колу бутсуз мунжуга тоголок бил.

Ысыгына, суугуна тонбогондор,
Ырысын, жанын, ыр-күүндү кордогондор.
Кыргыз эмес кыргызды төрткө бөлүп,
Кыйшандашып түлкүгө окшогондор.

**Хор ыр: «Ошол да толук кыргызбы»**

Жайлоодо боз үй тикпесе,
Жадырап кымыз ичпесе.
Ошол да толук кыргызбы,
Ардактап конок күтпөсө.

Кыр-кырда жылкы кишенейт,
Казанда турбаса бышкан эт,
Ошол да толук кыргызбы
Балдары минбесе, балдары минбесе
Небере минбесе күлүк ат.

Ушул тилде апам, атам сүйлөгөн,
Ушул тилде бабам бүтүн үндөгөн.
Ушул тилде чечип тагдыр түйүнүн,
Ушул тилде турмуш сырын үйрөнгөм.

Эне тилсиз укмак белем «Манасты»,
Эне тилсиз укмак белен «Санатты».
Эне деген улуу болот күндөн да,
Эне сүтү эне тилге синген да.

**Хор:** Ким бaрктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элин, көп тилин,
Ар улуттун энеси - улуу, тили – улуу.
Өйдө-ылдый деп айта албайбыз эч бирин.

**Кыргызстан жөнүндө маалымат.**

Республикабыздын жалпы аянты 198,5 мин. Чарчы км. Калкыбыз 5 миллиондон ашык. Кыргызстанда 7 облус бар. Алар: Ош, Чүй, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Талас, Нарын, Баткен. Борборубуз – Бишкек.
1991-жылы 31-августта Кыргызстан өз алдынча эгемендүү мамлекет болуп жарыяланган. Кыргызстандын өзүнүн мыйзамы, борбор шаары, армиясы, туусу, герби, чек арасы бар.

**Мен кыргызмын.**
Мен бүгүнкү эркин өлкө адамы,
Кийин келчү жүз жылдардан угулган,
Элчилигим-журтчулугум белгилеп,
Гербим, туум турат желбиреп.
Кыргыз жерим эн бир кооз,
Аска-зоолор асман тирейт.
Кен пейилдүү кыргыз элим,
Кыргызстаным эн бир сонун.
**Хор: Кыргыз жери.**
Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы тээ асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам танды тосо,
Кучактайм ой кырларын нурга кошо.
Сулуусун – кыргыз жери ырдан бүткөн,
Улуусун - кыргыз жери нурдан бүткөн.
Мен бир жакшы сөз билем,
Дайым мээрим угулат.
Аны унутпай жүрсөм да,
Андан бакыт чубурат.
Ынтымагы бар элдин,
Таалай-багы ачылат.
Ынтымагы жок элдин,
Тапканы бекер чачылат.

Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тиет ок болуп.
Ынтымаксыз эл болсо,

Дыркырап качып жок болот.
Ынтымактуу биригет,
Ынтымаксыз бөлүнөт.
Ынтымак бар бакыт бар,
Бир-бирине баркы бар.

Келчи балдар биз дагы,
Сыйлашып сый жүрөлү.
Ырыс алды ынтымак,
Ынтымакты сүйөлү.

Кыргыз бийи:
Мугалим: Урматтуу меймандар, окуучулар мамлекеттик тилибизге арналып уюшулган адабий кечебизди жыйынтыктап жатып, силерди, элибизди, жерибизди жан дилибиз менен сүйөлү демекчимин. «Тоолорду басынтпай туруп, талааны көтөрүү керек» деп казак жазуучусу Бауржан Мамыт уулу айткандай, башка улуттардын тилине, дилине тийишпестен өз эне тилибиз кыргыз тилин көтөрүүбүз керек.

***Мамлекеттик тил мааракесине арналган***
***«Улут болсом тилим менен улутмун»***
***аттуу адабий - музыкалык композициясынын сценарийи.***

1-окуучу: Саламатсыздарбы, урматтуу агай-эжекейлер, окуу-
чулар жана кадырлуу меймандар.
Чогуу: Куш келипсиздер! (муз. пауза)
Мээрим: Бүгүнкү мамлекеттик тил мааракесине арналган «Улут болсом тилим менен улутмун» аттуу - адабий музыкалык кечени.
Чогуу: Ачык деп жарыялайбыз.
1. Кыргыз Республикасынын Гимни ырдалат.

2. 2-окуучу: Тил майрамы шандуу келди мына бүгүн,
Кубанычка жык толсун бүгүн күнүн,
Бакыт конуп башына оомат келсин,
Жүрөк толкуп, бийик чыксын сенин үнүн. 1-окуучу: Эне тилим, эне сүтүм таалайым,
Ачып турган ак калпагым маанайым.
Кылымдардан кылымдарга кыярбай,
Сен өркүндөп, өсүшүңдү каалаймын! (муз. пауза) 2-окуучу: Кутмандуу күнүнүздөр менен улуу журтум! 1-окуучу: Сиздерге ар дайым үй-бүлөнүздөргө тынчтык,
куунак көнүл, узун өмүр, токчулук, молчулукту
каалайбыз.

3. Кыргыз тилинин гимни ырдалат.
4. Доклад окулат. Мугалим окуйт. Андан кийин манасчылар чыгат.

Окуучу: Өзөгүмдө ойногон кыргыз каным,
Жүрөгүмдө туйлаган кыргыз жаным.
Төрөлгөндө оозанган Манас менен,
Барсынарбы меймандос кыргыз калкым.
(муз.пауза)
1-окуучу: Манасчылар: «Манас» эпосунан үзүндү айтышат.
2-окуучу: Мен суу ичпейм,
Тандай катып курганда.
Мен нан жебейм,
Алдан тайып турганда.
Музыкадай мага таттуу суусун жок,
Берчи мага, берчи мага!
Жарым кашык музыка!

Жеке номер: Эне тил жөнүндө обондуу ыр.

3-окуучу: Чакырам кыргызымды биримдикке!
Чакырам кыргызымды бийиктикке!
Түбөлүк улутума өмүр берип,
Сүйлөгүн уул-кыздар кыргыз тилде.

Кыргыз тилин даназалоо..
Жети элдин тилин бил,
Жети түрлүү билим бил.
Адамды адам менен байланыштырган сөз,
Сөз адамдын маданияты.
Эл билген улуу эмес, тил билген улуу.
Оозунда сөзү бар адам, алтынга бай адам.
Баардык жетишкендиктер тилге жана жазуучуга
байланыштуу.

Адам баласынын тарыхында ар бир доордун мурасын сактап, муундан-муунга өткөрүп келе жаткан тендеши жок көч-тил болуп саналат. Тил – эн эле ыйык, ал элпектикти, сулуулукту, тактыкты талап кылат.
Тилден бал да тамат, уу да тамат.
Ошондуктан сөз үйрөнөлү. Сөз билүүнүн өзү да улуу керемет.
Илим менен билимге көпүрө тил,

Көкөлөткөн адамды – тили деп бил.

Кудай берген бир өмүрүн бекер өтүп кетпесин. Сахнада -класстын бийчилер тобу. «Жайлоо бийи»

-класстын каада-салты «Бешик той»

Алдей-алдей бөбөгүм,
Алдей-алдей бөбөгүм,
Атан тойдон келатат,
Ак кесе толгон эт келет.

Алдей-алдей бөбөгүм,
Алдей-алдей бөбөгүм,
Энен тойдон келатат,
Эмчек толгон сүт келет.

Окуучу: Менин асыл Мекеним,
Коргоп сени келемин.
Тынчтык үчүн мен сага,
Жанымды да беремин.

Патриоттук ыр.

Окуучу: Ой комузчу, комузчу,
Чертсен чертчи комузду.
Элжиресин эт жүрөк,
Бийик чыгар добушту.

«Торгой менен турумтай» сахнада комузчулар ансамбли.

Окуучу: Кара күрмө шай кийип,
Ойногула кыздар ай.
Кадыр-көнүл бар чакта,
Бийлегиле кыздар ай.
-кл. «Мөлмөлүм»

Окуучу: Кыргыз тилим сүйөм сени,
Деген сөздөн кайтпаймын.
Ал анткени менин тилим,
Даназалайм, данктаймын.

Кыргыз тилине арналган автордук ырлар. 8-9-кл.

Окуучу: Ким барктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.
Ар улуутун энеси улуу, тили улуу,
Өйдө-ылдый деп айта албайбыз эч бирин.

Тилге кедерги болгон терс көрүнүштөр. Инцекировка. -класстар.

Окуучу: Жеке номер. «Кыргызстан»
Окуучу ырдап жатканда катышуучулардын бардыгы эки-экиден ээрчишип сахнага чыгып, кол чаап турушат.

Алып баруучулар: Ушуну менен «Улут болсом тилим менен улутмун» аттуу адабий-музыкалык кечебиз сонуна келип жетти.
Келип көнүл бурганыныздар үчүн чон ырахмат!
Аягы!

**23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнү. Ар бир элди улут катары тааныткан анын тили. ЭНЕ ТИЛ! Кандай жөнөкөй, кандай терең, кандай улук сөз! Дал ушул сөз ар бирибиздин каныбызды ойнотуп, сезимибизди ойготуп, акылыбызды арыштатып турат. Акындардын ыр сабында кыргыз тили укмуш даңазаланып келет.**

***ЖЕҢИШБЕК ЖУМАКАДЫР***

ЭНЕ ТИЛ

Улуу жолду басып келген,
Улуу белди ашып келген.
Тоо элинин каны сымал,
Толкун болуп ташып келген.
Менин тилим кыргыз тил,
Тилим менен ажырагыс,
Дилим дагы кыргыз бил.

Мен кыргызмын,
Кыргыз болуп калган үчүн,
Көктө өчпөс жылдызмын.
Ким кыргызга суктанышса,
Тилин билсин кыргыздын.
Өмүрдөгү багытым бар,
Өз дегенде намысым бар.
Ошон үчүн кыргызмын.

Тили үчүн,
Күйсүн ар бир атуулдар.
Тили үчүн,
Күйгөн нечен асылдар.
Тилим үчүн менин дагы,
Күйө турган акым бар.
Кыргыз болуп төрөлгөндөр,
Кыргыз тилин унутууга,
Айтчы кандай акың бар.

Мен кыргызмын,
Кыргыз болуп калганыма кубанам.
Кыргыз болуп төрөлгөнмүн,
Кыргыз болуп талпынганмын уядан.
Кыргыз болуп жаралгандар,
Кыйшык сүйлөп турушканга,
Кызарам да, уялам.

Кыргыз тилсиз Алатоодо,
Көркү чыкпайт турмуштун.
Тил кармаган тизгиниңди,
Кай тарапка ыргыттың.
Тил жоголсо билбейсинби,
Жоголорун кыргыздын.
Кыргыз болсоң,
Сакта, сакта тилиңди.
Кыргыз болсоң,
Сатпа, сатпа тилиңди.
Кыргыз тилин жерип сүйлөп,
Эч келтирбе жиниңди

# Октябрь

| № | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучуларды жетишпеген китептер менен камсыз кылуу | Китепканачы Кл. жет. | 4.10 |
| 2 | Газета журналдарды оз убагында мугалимдерге таркатуу | Китепканачы | 11.10 |
| 3 | «Мугалим момолуу дарак» ыр, бий кечесин откоруу | Китепканачы окуучулар | 8.10 |
| 4 | Окуу китептеринин Д-10 отчетун өз убагында районого тапшыруу. | Китепканачы | 14.10 |
| 5 | Класстарга кирип китептердин тышталганын жана китептердин абалын текшерүү. | Китепканачы | 21.10 |
| 6 | Журнал документтерди оз убагында толтуруу | Китепканачы | 28.10 |
| 7 | Китептин абалын кароо | Китепканачы окуучулар | Ар айдын аягы |

# Ноябрь

| | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | «Апа сени жакшы кором». Ачык саат отуу | Китепкана чы 11 кл | 10.11 |
| 2 | «Алтын күз» майрамын өткөрүү. | Китепкана чы организатор | 18.11 |
| 3 | Олимпиадага катышуучу окуучуларды керектүү окуу китептер менен камсыз кылуу. | Китепкана чы | 23.11 |
| 4 | Китепкананын абалын жакшыртуу, иреттоо жамоо, ондоо | Китепкана чы | 26.11 |
| 5 | Китептин абалын кароо | Китепкана чы окуучулар | Ар айдын аягы |

# Декабрь

| | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | 3-декабрь мүмкүнчүлүгү чектелгендердин эл аралык күнүнө карата «Өлкөбүздө баарыбыз бирдейбиз» аттуу темада (сүрөт тартуу.). | Китепканачы Организатор. | 02.12 |
| 2 | Районо менен байланышта болуп жанылыктарды билип туруу | Китепканачы Кл. жет. | 9.12 |
| | Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун 12-декабрь туулган күнүнө карата «Ааламдын алп жазуусуна таазим» аттуу эскерүү кечесин өткөрүү. | Китепканачы Организатор. | 12.12 |
| 3 | Районо менен байланышта болуп жаңылыктарды билип туруу. | Китепканачы | 16.12 |
| 4 | Жаңы жыл «Балаты» катышуу.<br>Жаны жылга дубал газета чыгаруу | Китепканачы организатор окуучулар | 29.12 |
| 5 | Китептин абалын кароо | Китепканачы окуучулар | Ар ай |

# Жашай бер, сен түбөлүк Чыңгыз ата!

**Сабактын максаты:** Окуучулардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууга, бардык кыйынчылыктарга чыдап, туура ой жүгүртө билүүгө, өз мекенин сүйүүгө, эмгекчилдикке, кайраттуу болууга тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:** Ч. Айтматовдун өмүр баянын, чыгармачылык жолун чагылдырган буклеттер, чыгармалары, техникалык каражаттар, материалдар, карточкалар.

**Сабактын түрү:** „КВН" түрүндө. 9а жана 9б

Мугалим: „Өлүү менен тирүүнүн ичинде жок,
Өтөт жашоо чынында максат эмес,
Ак сүйлөп, адал жүрүп, адам болуп,
Аз өмүрдө татыктуу жашоо керек!"

1 Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, агай эжекелер, окуучулар, бүгүнкү биздин КВНибизге куш келиңиздер. Анда биздин КВН ачык деп жарыялоого уруксат бериңиздер.

Саламдашуу салт экен
Сабырдуу кыргыз элинде
Салтты биз да колдойлу
Салам айтып сиздерге.

Бербейт деп бизге саламды
Бекерге бузба санааңарды
Ар кайсы ишке талпынган
Атаандаштар аманбы?

Саламдашуу салтыбыз адатыбыз
Бакыт менен кошолоп канатыбыз
Анык алып коюңуз бул саламды
Кыргызымдын салты улуу адатыбыз.

Салам айтам бир менен
Сунамын сиздерге гүл менен
Кутмандуу кыргыз элиме
Ийилип салам мен берем.

Таразалар так болсун
Кайгы капа жок болсун
Конкурс өтүп жатканда
Тартып коймой жок болсун

Анда биз өзүбүздү тааныштыра кетсек!
Мен топ башчысы: топ мүчөлөрү (.......)

2 Чыңгыз ага тирек болуп кыргыз калкка,
Чыгармачы түнөк алда ар бир жанда.
Дүйнөнү дүңгүрөтүп арабызда,
Жашай бер, сен түбөлүк Чыңгыз ата!

Чырак алып билимди,
Чыңгыз анда билинди.
Көпчүлүктөн озунуп.
Мактоолорго илинди.

Каатчылыкка чыдаган,
Нагима апа сынаган.
Келечекте Чыңгыздан,
Чыгаар деги бир Адам.

Ал классик деген сөздөр жанаты
Ысмы дагы Шекспирге жарашты
Кыргыз эмес бүткүл союз ичинде
Айтматовдой ким образ жаратты.

Чыңгыз Айтматов адабиятты
Саймалатып гүлдөттүң
Каармандардын жан дүйнөсүн корсоттүң
Канча деген каармандардын артынан
Бирде ыйлатып бирде кошо күлдүрттүң.

Бүткүл дүйнө Чыңгыз дешип билишет
Чыңгыз десе бул кыргыз деп жүрүшөт
Сиздин жазган повесттерди окушуп
Сабак алып кыргыз өмүр сүрүшөт.

Атак даңкың он ааламга тараткан
Кыргыздын керегине жараткан
Чыңгыз ага ашыгын мен укканда
Мен да ошондой болсом деп самаган

Чын айтамын башым жалган тунолар
Чыңгыз десем бир өзүнөн шунолар
Мен Чыңгызды окшоштурсам тоолорго
Оркойгон тоо улам көзгө урунаар.

Өлүмдү сиз жаза бергин шайрадан
Өзүңүз да өтпөдүңүз дайрадан
Барктагам соң ушунчалык тоскоодо
Адаштырып не адамдан

Өлүмгө сиз неге мынча шаштыңыз
Өлүмдөн сиз эмне пайда таптыңыз
Жолборс өңдүү бош катырып учурду
Бир шедекте аалам кезип кайттыңыз.

3. Эмблема жаттоо.

5. Кыргыз бийи.
Тал чыбыктай ийилген
Кызы сонун кыргыздын
Тамшандырат кыргызды
Бийи сонун кыргыздын.

6. Көрүнүш (Ч. Айтматов „Ак-кеме."
Ролдо: .....

7. Ыр. Бийле жигит бийле
Кыз бийлегенге не жетсин
Ырда жигит ырда
Ыр ырдаганга не жетсин.

Радо Аманова Маржан тобу „Улуу кыргыз Чыңгызга."

Залкар элиң ажайып ыр жараткан
Салам туулук сымбаттулук жараткан
Нык асыл анык айкол мүнөздү
Алган элиң ээй баатыр бабаң Манастан
Ээй Чыңгыз, оой Чыңгыз, ээй Чыңгыз, оой Чыңгыз

Эр жеткенде эмгегиңди баштадың
Элге жакты сенин ар бир жазганың
Бир тепшиктен бир тепшике ойдолоп
Бүт тилеген аай адабият асманың
Ээй Чыңгыз, оой Чыңгыз, Ээй Чыңгыз, оой Чыңгыз.

Сансыз жандар улулугуу байкашып
Султанышта пыш жүрөктөн алмашып
Кыргыз Чыңгыз, Чыңгыз кыргыз эки сөз
Жүрүлүшүп оой уйлашып бир айкашып
Ээ Чыңгыз, оой Чыңгыз, ээй Чыңгыз, оой Чыңгыз

Асыл кымбат сөз дөөлөтүн табыштың
Сөзүң менен бүт жүрөктү багынттың
Керемешүү сөздөрүңдү керек деп
Сен кыргызды оой бүт дүйнөгө тааныттың
Ээй Чыңгыз, оой Чыңгыз, ээй Чыңгыз, оой Чыңгыз

8. Суроо жооп
9. Көрүнүш Ч. Айтматов „Манкурт"
10. Интермедия

# Январь

| | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | **Мугалимдерди методикалык окуу китептери мене камсыз кылуу** | **Китепканачы** | **13.01** |
| 2 | Районодон келген китептерди таратуу 1-4 кл | **Китепканачы** | **16-18.01** |
| 2 | **«И. Арабаев — ким болгон?» Ачык саат отуу** | **Китепканачы Организатор.** | **20.01** |
| 3 | **Класстарга кирип китептердин тышталганын жана китептердин абалын текшерүү.** | **Китепканачы** | **25.01** |
| 4 | Китеп секторлорунун жыйынын отуу | Китепканачы окуучулар | 27.01 |
| 5 | Биринчи жарым жылдык отчет | **Китепканачы** | 31.01 |
| 6 | Китептин абалын кароо | Китепканачы окуучулар | Ар айдын аягы |

# Февраль

| | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | **15-февраль Авгандарды куттуктоо күнү** | **Китепканачы организатор** | **15.02** |
| 2 | **Эрдик жөнүндө ырлар (5-7-класс)** | **Китепканачы** | **16.02** |
| 3 | **«Мекеним Кыргызстан» 23-февралга карата дилбаян** | **Китепканачы** | **23.02** |
| 4 | **«Жомоктор дүйнөсү» - жомоктордун түрлөрү менен таанышабыз.** | Окуучулар 4 кл | 24.02 |
| 5 | **Райондон жаңы келген китеп, газеталарды алып келүү.** | **Китепканачы** | **27.02** |
| 7 | Китептин абалын кароо | Китепканачы окуучулар | Ар айдын аягы |

# Мекенди коргоо – ыйык милдет.

Сабактын максаты:
Окуучулардын Ата Мекенге болгон сүйүүсүн козголот. Эр жигиттерди аскерден качпоого, өз журтун коргоого даяр болууга тарбияланышат. Атуулдук сезими өстүрүлөт.
Сабактын жабдылышы:
Керектүү адабияттар, тарткычмалар.
Сабактын жүрүшү:
Окуучулар сабактын башталышында „Сен аскерге барууну каалайсыңбы?" „Ата журтту кантип коргойбуз?" деген суроолорго жооп беришет. Класста жалпы окуучулар талкуулашат. Бүгүн күндөгү кыргыз армиясынын абалы жөнүндө да кеп козгошот.

## Кыргыз армиясы замандын чакырыктарына даярбы?

Кыргыз армиясы, мурдагы союздук республикалардагыдай эле, жаш армия. Бүтүндөй өлкөдөгү абал сыяктуу эле, кыргыз армиясынын да азырынча чама-чаркы чакталуу. Адистер туура баамдашкандай, салыштыра келгенде эзелтен күчтүү армиясы менен таанылган чоң империяларды мындай кой, социалисттик кездери бүтүнү түзүп алган өлкөлөрдүн армиясындагы деңгээлге жетип алуу үчүн, кыргыз армиясы көп реформаларга, каражатка, убакытка муктаж. Чынында, армияда өзгөрүүлөр байкалып, барган сайын бир кадамдан алдыга карай жылыштар болгону менен, абдан тездик менен өзгөрүп жаткан дүйнө үч-төрт кадам дагы алдыга жылып кетип,

жеткирбей барат. Ошентсе да, адистер кыргыз армиясы үчүрдүн көйгөйү катары бүткүл дүйнөнүн коопсуздугуна бүлүк салып турган террорчулук, экстремизм сыяктуу коркунучтарга такаат бере аларына ишенишет. Анын үстүнө, Кыргызстан Шанхай кызматташтык уюму, Жамаат-тык коопсуздук келишим уюму сыяктуу уюмдардын алкагында аскердик кызматташууларды тынымсыз жүргүзүп келет.

## Аскердик кызмат кадыр-баркын жоготтубу?

Жашы жетип калган уландардын аскерден жаа бою качуусуна, кала берсе, кызмат өтөбөө үчүн ар кандай иштерге баруусуна бир канча себеп бар. Алардын өң негизгиси - аскердеги „дедовщинанын" көптүгү. Мындай абалга туш болбош үчүн, аскер жашындагы уландардын көбү кызмат өтөөдөн кутулуунун жолдорун издей башташат. Ошентип, аскерден калуунун жолдору издеп атып, текшерүүдөн өткөн, өзүнчө эле бир армиядан калуунун жолдорун үйрөткөн окуулук чыкчудай болгон түрдүү ыкмалар чыга келди. Алардын бир даары жогорку окуу жайларга тапшыруу менен аскердик кызматтан бошотулушса, окууга өтпой калгандары кийинки ыкмаларга өтүшөт. Айрымдары жашынан үйлөнүп, балалуу болгонго аракет кылышат. Анткени, жубайы, эки баласы барлар аскерге алынбайт, эгер биринчисинен кийин удаасы менен дагы балалуу боло турган болсо, биротоло аскердик кызматтан бошотулат. Ушундай башкасы оорутпай, дароо эле аскер комиссариатынын жетекчисине же бул тармакта иштеген тааныш-билишке жеңил алдынан акча бере коюшат. Өз кезегинде алар аскерге чакырылуучу уланды альтернативдик негизде кызматка калтырып, аскердик күбөлүк алып беришет.

Ушул сыяктуу коррупциялык иштер аскердик тармактын алдыга жылышына чоң кедерги болуп жатканы да айтылып келет.

Армиянын жашоо шартына уя кызмат өтөп келгендердин кыйласынын ичи тыпайт. Бул жагдайда да жаштардын аскерге баруу ниетин төмөндөтүп турат. Акыркы кездерде армиядагы жашоо-шарт жакшырып калганы айтылганы менен, дале болсо жашоо-шарт жакшырып калганы айтылганы менен, дале болсо коррупциялык элементтердин бар экендиги, аскерлердин тамак-аштары түгөл бойдон жетпей, жолдо кыйласы жок болору, ал аз келгенсип, аскерлердин курал кармаганды үйрөнбөй эле талаада кетмен чабууга мажбур болгон учурлары кездешери айтыла калат жүрөт.

# Март

| | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Китеп секторлору мн жолугушуу | Китепканачы | 2.03 |
| 2 | «Саламатсынбы жаз» дубал газетасын чыгаруу | Китеп каначы, окуучулар | 3.03 |
| 3 | 5-март Ак калпак күнү.(ырлар) | Китепканачы организатор | 4.03 |
| 4 | 8-март Аялдар майрамы. (куттуктоо) | Китепканачы кл.жетекчи | 8.03 |
| 5 | Китепканага гүлдөрдү өстүрүү | Китепканачы | 15.03 |
| 6 | 21-март Нооруз майрамына катышуу | Китепканачы кл.жетекчи | 17.03 |
| 7 | Китептин абалын кароо | Китепканачы окуучулар | Ар айдын аягы |

# Апрель

| | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Район менен байланышта болуп, жанылыктарды билип туруу. | Китепканачы | 3.04 |
| 2 | Ар кандай темада буклеттерди даярдоо | Китепканачы | 5.04 |
| 3 | 23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата иш чара. (бир жумалык декада)«Китеп ааламдын ачкычы» деген темада конкурс | Китепканачы организатор | 21.04 |
| 4 | Жаратылыш менен тыгыз байланышта болуу | Китепканачы | 25.04 |
| 5 | Класстарга кирип китептердин тышталганын жана китептердин абалын текшерүү. | Китепканачы | Ар айдын аягы |

# Май

| | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-май эмгекчилер күнү | Китепканачы Организатор | 01.05 |
| 2 | «Ар бир кесип ардактуу» деген темада бутуруучулор менен жолугушуу. | Китепканачы, организатор | 5.05 |
| 3 | 9-май «Эч ким эч нерсе унутулбайт» деген темада Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жана катышкан адамдарга таазим | Китепканачы ,организатор | 8.05 |
| 4 | Окуучулардан адабий китептерин толук, таза өткөрүп алуу. | Китепканачы | 16.05 |
| 5 | Акыркы конгуроо аземине катышуу | Класс жетекчи, китепканачы | 25.05 |
| 6 | Класс жетекчилерден окуу китептерин өткөрүп алуу. | Класс жетекчилер | 30.05 |

# Июнь

| | Аткарылуучу иштер | Ким тарабынан аткарылат | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| **1** | **Окуучулардын экзаменге даярдануусуна керектүү окуу китептерин берүү** | **Китепканачы** | **9.06** |
| **2** | **Окуу китептерин, адабий көркөм, методикалык китептерди эсептөө, жайгаштыруу** | **Китепканачы** | **16.06** |
| **3** | **Окуу залын жана китеп сактоочу жайларды тазалап, иретке келтирүү.** | **Китепканачы** | **23.06** |

**Китепкана башчысы:** **Ж. Асилбекова**